**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 1-мартындагы № 6 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**Күн тартиби**

**3.13. «Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо, каржылоо жана аткаруу тартиби жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-декабрындагы № 862, 3-март токтомдорунун редакциясына ылайык, 2017 № 138 ОшМУ өзгөчө статуска ээ 5 университеттин бири экендигин эске алуу менен ички каражаттан грантка берилүүчү каражаттардын натыйжалуулугун жогорку деңгээлге чыгаруу үчүн ректор тарабынан 2023-жылдын 25-майында бекитилген ЖОБОго редакцияланган жаны тартиби иштелип чыгылган.

2024-жылдын 30-январындагы ОшМУнун Илимий-техникалык кеңешинин №11 отурумунда «Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо, каржылоо жана аткаруу тартиби жөнүндө» жобосу каралып, талкууланып кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону бекитүү ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине бекитүүсү сунушталган.

**УГУЛДУ:** ОшМУнун окуу иштери боюнча Н. К. Омуров негизги маселеге кирген ОшМУда коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү жөнүндө жобо менен тааныштырып, талкууга алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ОшМУнун окуу иштер боюнча проректор Н. К. Омуровдун «Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо, каржылоо жана аткаруу тартиби жөнүндө» жобосу жөнүндө маалыматы эске алынсын.
2. «Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо, каржылоо жана аткаруу тартиби жөнүндө» жобосу бекитилсин.
3. ОшМУнун ректору тарабынан 2023-жылдын 25-майындагы бекитилген «Ош мамлекеттик университетинин ички илимий изилдөө долбоорлору үчүн атайын каражаттан бөлүнгөн гранттарды алуу жөнүндө» жобосу күчүн жоготту деп табылсын.
4. «Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо, каржылоо жана аткаруу тартиби жөнүндө» жобосу бекитилгенине байланыштуу ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин академиялык шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо 2024-жылдан баштап жаңы жобого ылайык жүргүзүлсүн.
5. Бул чечимди көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору Р. Н. Арапбаевге жүктөлсүн.

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**